**«Чыныгы мугалим окуучуну гана эмес ата энени да тарбиялайт» аттуу иш чаранын жүрүшү боюнча мектеп мугалимдеринин ой пикиринин жыйынтыгы**

«Чыныгы мугалим окуучуну гана эмес ата энени да тарбиялайт» аттуу иш чарага 70 мугалим катышып, иш чаранын жүрүшү боюнча мектеп мугалимдеринин ой пикирин билүү максатында анкета алынды. Анда мугалимдердин өтүлгөн иш чарадан канчалык денгээлде таасир алгандыгы, педагогикалык кызматты аркалоода окуучуларга жеткиликтүү билим берүү үчүн мектеп кандай шарттарды түзүү керектиги, иш чарадан кийин байкаган мугалимдин өзү маани бербей жүргөн кемчиликтери жөнүндө сурамжылоо жүргүзүлдү.

1. Мектепте өтүлгөн мугалимдер үчүн иш чарадан канчалык денгээлде таасир алдыныз деген суроого 3 мугалим орто денгээлде канааттангандыгын, 1 мугалим эч кандай таасир албагандыгын б.а айылдын денгээлиндеги иш тажрыйба экенин билдирсе калган мугалимдердин бардыгы өтө жакшы таасир алгандыктарын жана ыраазычылыктарын билдиришкен.
2. Педагогикалык кызматты аркалоода окуучуларга жеткиликтүү билим берүү үчүн мектеп дагы кандай шарттарды түзүү керектиги жөнүндө сурамжылоодо көпчүлүк мугалимдер мектепте бардык шарттар түзүлгөн деп жооп беришсе, айрым мугалимдер бардык кабинеттерди WI-FI түйүнүнө кошуп берүүсүн жана арзан болсо да кабинеттерге ноутбук алып беришсе жакшы болмок деген ой пикирлерин билдиришкен. Бир мугалим «бала тарбиялоо» темасында ата энелерге сабак өтүлсө, мугалимдерге женил болот беле деген оюн билдирген. Ошондой эле кээ бир мугалимдер методикалык китептердин аздыгы, класстагы окуучулардын өтө көптүгү да билим сапатка таасир берип жаткандыгын, ушул проблеманыни үстүндө администрация иш алып баруусун өтүнүшкөн.Дагы бир мугалим кагаз иштерин азайтып, окутуунун ыкмалары жөнүндө тренинг, тегерек стол семинарлардын өтүлүшүн каалаcа, бир мугалим 6-күн сайын интерактивдүү доска менен иштөөнү үйрөтүшсө жакшы болот эле деп билдирген. Ар кандай багыттагы эксперименттик класстарды ачуу керектигин каалаган мугалимдер да бар. Дагы бир мугалим жылуу мамиле деп жазган. Бирок кимден жылуу мамиле күтүп жатканын билдирген эмес...(ата энеденби, администрацияданбы?)

3. Чыныгы мугалим катары окутуунун жүрүшүндө маани бербей жүргөн кээ бир кемчиликтер окуучунун билим сапатына таасир берет деп ойлойсузбу жана өзүнүздөн кандай кемчиликтерди байкадыныз деген суроого бир мугалим буга чейин «Африкада жүргөнүн » байкаса, бир мугалим өзүнөн эч кандай кемчилик жок экенин, өзүндү сыйлабасан сени эч ким сыйлабайт деп жооп берген. Ал эми көпчүлүк мугалимдер өздөрүнөн төмөндөгүдөй кемчиликтерди байкагандыгын билдиришкен

- ✓ Окуучу начар өздөштүрсө да көздү жумуп «2» чыгарбайбыз
- ✓ Мендеги кемчилик сабак бүтсө эле үйгө чуркайм
- ✓ Техникалык каражатты кээде эле колдоном
- ✓ Сабакта бардык окуучуларды сурап жетише албай калам
- ✓ Бардык талаптарды так аткарам,кээде адамдык фактор болушу мүмкүн
- ✓ Жогорку класстардын окуу ылдамдыгына көнүл бөлгөн эмесмин
- ✓ Өзүм көп сүйлөп, окуучуларга кенен мүмкүнчүлүк бербегендигим
- ✓ Убакытты туура пайдалана албагандыгым
- ✓ Окуучуларды сабакка кызыктыра албагандыгым
- ✓ Мугалимде да окуучуда да кемчилик бар, реформа керек
- ✓ Начар окуган окуучуларга көнүл бурулбайт. Ата эне күнөөлүү, үйдөн көзөмөл жок
- ✓ Сабак учурунда үй тапшырмасын текшергенге жетишпей калам
- ✓